# ЫРДАЙЛЫ ДОСТОР

„КЫРГЫЗСТАН“ БАСМАСЫ-1976

ҚЫРГЫЗ ССР МАДАНИЯТ МИНИСТЕРСТВОСУ
РЕСПУБЛИКАЛЫҚ ЭЛ ЧЫГАРМАЧЫЛЫҚ ҮЙҮ

# ЫРДАЙЛЫ ДОСТОР

Түзүүчү:
Қ. МАДВАРОВ

«ҚЫРГЫЗСТАН» БАСМАСЫ
Фрунзе 1976-ж

Ы34
78С2

Ы34 **Ырдайлы достор.** Түзүүчү К. Мадв
ров. Ф., «Кыргызстан» 1976 © Респ. д
нар. творчества.

138. бет. (Кыргыз ССР маданият м
нистерствосу. Республикалык эл чыга
мачылык үйү).

Бул жыйнакка белгилүү композиторлор
жана жаш обончулардын Партия, Мекен, эл-ж
ди даңазалаган жаңы обондору киргизилди. Р
лубликалык конкурста байгеге ээ болгон чыгар
ларга да орун берилди.

Жыйнактын мазмуну жаштарды Партия, Ме
кен, эл-жерди сүйүп ырдоого үндөйт.

78С2

$\frac{934-8}{М\ 451\ (17)-76}$ 71—76

9-3-4

© Республиканский Дом народного творчества

# ШАҢДАН АЛА-ТООЛУК ГҮЛСТАН

Обону: *М. Абдраевдики*
Сөзү: *Н. Жүндүбаеваныкы*






Туу көтөрүп бир катарда турушкан,
Тууган тапкан түркүн түстө улуттан,
Эмгек менен ачкан мекен ажарын,
Кыргызстан — жениш жыттуу гүлстан.
Шандан өлкөм Ала-Тоолук гүлстан,
Достор менен коммунизм курушкан.


Өнөр чубап күндөр күндүн артынан,
Ырга толуп, ырыскыга чалкыган.
Кыргызстан туулган өлкөм-бешигим,
Таалим алган улуу орус калкынан.
Шандан өлкөм Ала-Тоолук гүлстан.
Достор менен коммунизм курушкан.

Элим баатыр дүңгүрөгөн дүмөгү,
Ала-Тоодо бак-таалайдын түнөгү.
Ааламдагы адилеттүү эл менен,
Кыргыздардын бирге согот жүрөгү.
    Шандан өлкөм Ала-Тоолук гүлстан,
    Достор менен коммунизм курушкан.
                                        2 жолу

# ДОСТУК МЕКЕНИ

(Хор)

Обону: *М. Абдраевдики*
Сөзү: *Б. Абакировдуку*






Биздин Мекен бекем достук Мекени,
Тазаланган бут тоскондун нечени.
Алга карай сүрөп бизди баратат,
Ленин ата Компартия жетеги.

Кайырма:

Сүттөй аппак антыбыз,
Дайым даяр жалпыбыз.
Тартип чыңдап, эл коргоо,
Такай ыйык салтыбыз.

Жетилгенбиз борондуу кез, жалында,
«Аврора» залпы атылган маалында.
Ташты жарган ызгаар, мейли аптапта,
Жүрөбүз биз тынчтык сактоо камында.

Кайырма:

Түшүнөбүз түркүн тоскоол түшөрүн,
Аралайбыз айылдын тоо, түзөңүн.
Дал каректей эл байлыгын сактоодо,
Аткарылат бизге болгон ишеним.

К а й ы р м а:

Тайманбайбыз ыш түтүндүү жалындан.
Коркута албайт булут жарган чачылган.
Кыраакыбыз чекке даяр турабыз,
Бизде жоокер иши менен таанылган.


К а й ы р м а:

Биздин Мекен улуу достук Мекени,
Кучагында сансыз байлык нечени.
Кол кармашып көп улуттуу журтубуз,
Коммунизм тоосун ашар кезеги.

К а й ы р м а:

# БИЗДИН БААТЫР КОМСОМОЛ

Обону: *М. Абдраевдики*
Сөзү: *М. Тойбаевдики*






Кайда болсо кыйынчылык,
Ошол жерде ал иштеген.
Таалай тамган, жылдызданган,
Шаар курган жүздөгөн.
Аалам кезеп Ай, жылдыздан,
Жаңылыкты издеген.

Кылымга тең,
Кадамы кең.
Билими зор, 2 жолу
Күчү мол,
Биздин баатыр комсомол!

Сууну буруп, ГЭСтер куруп,
Көңүл жаркып ал шаттанган,
Эрктүү кайрат эмгек менен
Эмгек менен даңктанган.
Комсомолдор, комсомолдор,
Келечекке аттанган!

Жаштык эргүү,
Ленин демдүү.
Билими зор, 2 жолу
Күчү мол,
Биздин баатыр комсомол!

# ЧАБАН ЖИГИТКЕ

Обону: *М. Абдраевдики*
Сөзү: *М. Тойбаевдики*






Кылчая карап күлгөнүң,
Кыйналтат ичти жүргөнүң.
Көз албайм сенден ай жигит (ой),
Көңүлдүн сырын билбедиң.

Өзүң деп (а), соксо жүрөгүм,
Өзгөнү (да) кантип сүйөмүн
Кошулуп жүрөк жан жигит,
Колтуктап качан жүрөмүн?!
Колтуктап качан, качан жүрөмүн?!
Кошулуп жүрөк жан жигит,
Колтуктап качан, качан жүрөмүн?!

# СОГУШКА НААЛАТ

Обону: *М. Абдраевдики*
Сөзү: *Б. Курманкуловдуку*



Өткөн согуш элестерин эстесем,
Өрт, жалындуу тозок күнгө кездешем.
Жүзүкара душман огу ышкырып,
Жүрөктөрдүн далайларын тешти эчен.
Жүздүн нуру талааларда өчтү эчен.

2 жолу

Айбан баспас жерди жаттык жай кылып,
Азис болдук көзүбүздөн айрылып.
Анда жап жаш азыр ак чач энелер,
Азыр деле уулун күтөт кайгырып.
Арман кылып жүзүн жашка чайдырып.

2 жолу

Бардык элдин жакын кылып санаасын,
Партия бар бириктирчү арасын.
Согуш деген сөздү унутуп адамдар,
Сөздүктөрдүн беттеринен карасын.
Сөз кылышпай согуштардын жаратын.

2 жолу

# ЖЕҢГЕН ЭЛ

Обону: *Н. Абдырахмановдуку*
Сөзү: *А. Токомбаевдики*



Каректей жерин сактаган,
Касташкан жоосун таптаган.
Элинин күткөн тилегин,
Эсепсиз эрлер актаган.

Кайырма:

Жашасын жеңген элибиз,
Гүлдөсүн эркин жерибиз.
Тынчтыктын туусун көтөрүп
Алгалайт күндө элибиз.

Аянбай чексиз кармашта,
Такшалган түшсүн кармашка.
Кеменгер биздин партия.
Үйрөткөн элин талбаска.

Жашасын жеңген элибиз,
Гүлдөсүн эркин жерибиз.
Тынчтыктын туусун көтөрүп
Алгалайт күндө элибиз.

Жектесе жеңбей койбогон,
Жеңилбес биздей эл кайда.
Бейпилдик жыргал орногон,
Биздин жер сендей жер кайда.

Жашасын жеңген элибиз,
Гүлдөсүн эркин жерибиз.
Тынчтыктын туусун көтөрүп
Алгалайт күндө элибиз.

# ЛЕНИН КИМ?

Обону: *Н. Давлесовдуку*
Сөзү: *Б. Сарногоевдики*



Ленин ким?
Ленин күн!
Улуттардын достугу
Ленин ким?
Ленин күн!

Андан улуу жок чыны!
Ленин күн!
Өчпөс көзү ааламдын,
Эзилгендер,
Эңсегендер,
Ошол күндөн наар алган!

Ленин ким?
Ленин күн!
Улуу автору эрдиктин
Тынчтыкка,
Бакытка,
Бир туугандык тендиктин.
Бардыгы бар,
Бүгүн кыргыз элинде.
Урмат алкыш,
Кары жаштан
Партияга, Ленинге!

# МЕКЕНИМ — КЫРГЫЗСТАН

Обону: *Н. Давлесовдуку*
Сөзү: *Т. Тыныбековдуку*






Ала-Тоо кыргыз жерим,
Ак калпак кыргыз элим.
Таалайды түбөлүккө,
Бергенсиң ата Ленин.
Тарткандай күн илебин,
Таанылгыс болуп жериң.
Нарындын ташкынындай,
Талпынып кулач кердиң.
Кырк жылда басып өттүң,
Кылымды кыргыз элим.

Чалкыган Ысык-Көлүм,
Чаңы жок салкын төрүм.
Көлүмдөй толкуп жаткан

Көргүлө кыргыз пейлин.
Ала-Тоо менин жерим,
Ак-калпак кыргыз элим.
Таалайды түбөлүккө
Бергенсиң ата Ленин
Эргитет ай асманга,
Элимди сенин демиң.

# КЫРГЫЗ ЖЕРИ

Обону: *Н. Давлесовдуку*
Сөзү: *Ж. Садыковдуку*






Элдин энчи,
Байлык кенчи.
Керме тооңу талааңы.
Бак даракка саймаланган.
Сүйөм кыштак калааңы.

Жерде жаткан,
Көк-көк асман.
Дегим келет көлүмдү,
Көлүм дары жашартууга,
Жашартууга өмүрдү.

Кайырма:

Асылым жерим ардагым, 2 жолу
Арналат сага ырларым да

Жериң алтын,
Жайың салкын.
Кышың жылуу ар качан.
Сен турасың көңүлүмдө.
Качан, кайда барбасам.

Кайырма:

# ТОКТОГУЛ ГЭСи

Музыкасы: *А. Жаныбековдуку*
Сөзү: *У. Жумабаевдики*






Талкалап Токтогулдун зоокаларын,
Талыкпай чоң Нарынды жүгөндөдүк.
Атактуу Ала-Тоого ГЭСти курдук,
Албырып нурун сепкен күн өңдөнүп

К а й ы р м а с ы:

Бакытка колду создуруп,
Бак берген улуу досчулук.
Көрсөткөн жолду партия —
Көп элдин башын коштуруп.

Аскадан атырылган чалпоо Нарын,
Алдынан тоо тоссо да тартынбаган.
Көл болду эл колунан толкуп жаткан,
Көбүгү көктү сермеп шарпылдаган.

Кайырмасы:

Ар качан жеңиш менен алгалайбыз,
Аткарган зор иштерге сыймыктанып.
Барабыз коммунизм өнүшүнө,
Батпаган бак-таалайга жылдыз тагып.

Кайырмасы:

# ҚЫРГЫЗ ЖЕРИ ҚЫМБАТЫМ

Обону: *С. Жумалиевдики*
Сөзү: *Т. Кожомбердиевдики*



Калкып өтөт карегимден элестер,
Көл дайралар, кырка тоолуу белестер.
Ар бир уулуң кай тарапта жүрсө да,
Кыргыз жери жандай көрүп кымбатыңдай,
сени эстер.

Кандай жүрөк сени самап сагынбас,
Кандай жүрөк сен дегенде жагылбас.
Эне сүттүү кыргыз жери кымбатым,
Эч убакта эскирилгис бир жоготсоң табылбас.

Кыргыз күүсүн уксаң денең калтырап,
Көңүлүңдө чексиз изин калтырат.
Ак чокулуу мекенимдин элеси,
Азыр гана көргөн сымал карегимде тартылат.

Унутулбайт кайгырсаң да, күлсөң да.
Бүркүт шаңшыйт качан кулак түрсөң да,
Касиеттүү кыргыз жери кымбатым,
Каректесиң, жүрөктөсүң кай тарапта
жүрсөм да.

# ГҮЛДӨЙ БЕР, КЫРГЫЗСТАН!

Обону: *С. Жумалиевдики*
Сөзү: *Т. Кожомбердиевдики*






Койнуңда күндө өөрчүү, күндө жеңиш,
Багынып кыл чокулар, саз, чөл, деңиз.
Күүлдө канатыңды кере шилтеп,
Күн сайын камсыз болсун улуу жеңиш!
Гүлдөтүп, өнөр берип кары-жашка,
Кыргызстан бүгүнкүдөн эртең башка.

Оронуп Ильич төккөн аппак таңга,
Мээрими сиңип калган жүрөк канга.
Кыргыздын шаттуу ырын көккө бүркүп,
Кыйкырам! — Уккула! — деп кылымдарга.
Тараткан жергебизден кара түндү,
Сүйөбүз биз, улуу ата Ленинди.

Орундап элдеримдин каалашканы,
Досчулук эң бир терең баалашканы.
Жүрөктү элжиретет балдарымдын,
Меники Ленин! дешип талашканы.
Анткени Ленин калыс атабыздан,
Ленин ата мээрим, сүйкүм апабыздан.

# ТЫНЧТЫК

(Хор)

Обону: *С. Жумалиевдики*
Сөзү: *Ү. Жумабаевдики*






Баарына өзү күбө кары тарых,
Баштатан согуш келет ойрон салып.
Тынчтыктын бир тиреги биздин Мекен
Турабыз зор күчүнө сыймыктанып.

Кайырмасы:

Куралдын мурдагыдан кубаты көп,
Колдонсо жарылып жер, оюлат көк.
Тынчтык сен бул ааламдан кетпес болуп,
Түбөлүк элге, жерге мээримиң төк.

Адамзат ардактаган улуу тынчтык,
Ар убак алыстасын согуш кырсык.

Алгыла алды жакка бердик элдер,
Ажалды артынгандын тонун жыртып.

Кайырмасы:

Азыр да майыптар бар сылтып баскан,
Ар бирөө айтсак чынын тирүү дастан.
Кара жер канга, жашка эбак тойгон,
Кайрадан бүркөлбөсүн биздин асман.

Кайырмасы:

# КОМСОМОЛ ЖАЛЫН ЖҮРӨК

Обону: *С. Жумалиевдики*
Сөзү: *Д. Жамансартованыкы*






Окко төшөп денесин,
Ыйык коргоп мекенин.
Эмгек менен өстү кайнап,
Жеңиштерде жүзү жайнап.

Күрөштөрдө курчуп мүнөз,
Комсомолдо болот кайрат.
Жүрөктөрдө күйүп турган —
Жалындаган кызыл байрак.

Чегинбестен алгалап,
Өрнөк болуп ал барат.
Чаңкап жаткан чөлдөр гүлдөп,
Бүчүр ачты дарак бүрдөп.

Комсомолдун алп колунан,
Иштер бүтөт, душман сүрдөп.
Аска аралап, тоону бузуп,
Байлык ачат түрдөп-түрдөп.

Алоолоп өрт курагы,
Өткүр, сезгич, кыялы.
Сезиминде жаштык түнөп,
Сүйүүсүнөн нурлар күлөт.

Ордендери жаркыраган,
Бул комсомол жалын жүрөк.
Жер жүзүндө тынчтык, достук,
Дайым барат алга сүрөп.

# АТАЛАРДЫН ПОСТУНДАБЫЗ

Обону: *С. Жумалиевдики*
Сөзү: *И. Гильязетдиновдуку*




Басылган алааматтын чуулганы...
Баары эсте — жердин каңга жуулганы.
Каргышын согушка айтат уулун жоктоп,
Карт эне калтыраган муундары.

Аталар бизге берген кезектерин,
Арзышкан жашаса деп безеп жерин.
Аябай канды-жанды сыноо түшсө,
Айтабыз: «Коммунист деп эсептегин!»

# ЭМГЕК ЫРЫ

Обону: *С. Жумалиевдики*
Сөзү: *Т. Кожомбердиевдики*






Мелмилдейт эмгек талаасы,
Жайнаган түшүм арасы.
Адилет мээнет кайтса деп (ий)
Асмандайт (ай) келин санаасы.

Кайырма:

Шаттыктан көңул элирип,
Шайма-шай ишке берилип.

Таптаттуу шекер жыйнатып,
Талаабыз (ай) жатат керилип.

Кыз-жигит иштейт чамданып,
Күлкүсү чыгып шаңданып.
Күн нурун төгөт жылмайып,
Күжүрмөн (ай) элге таңданып.

Кайырма

Ырыска толуп жер бети,
Толкутуп салат келбети.
Төбөлөр жетип бийикке,
Төгүлөт (ай) жердин бермети.

Айылдан чыксаң таңында,
Торгойлор таңшыйт шаңында.
Мелмилдеп жаткан талаанын,
Мээнеткер (ай) жүрөт жанында.

Кайырма

Чекеден тери тамылып,
Кетмени тынбай чабылып.
Шаңкайып талаа ачылат
Шаттуу ыр (ай) чыкса жаңырып 2 жолу

# ТУУГАН ЖЕР

Обону: *С. Жумалиевдики*
Сөзү: *Т. Кожомбердиевдики*



Эми эстедим акыл насаат сөзүңдү,
Сансыз ойлор бийлеп алды сезимди.
Ширесинен таттым кызыл алманын,
Ырахаттан жумуп эки көзүмдү. } 2 жолу

Элестелип токой, тоолор түтүндөр,
Элжиреди эт жүрөгүм бүтүндөй.
Унутулбайт эч убакта туулган жер,
Энекемдин ыйык тамчы сүтүндөй. } 2 жолу

# ЧЕК АРАЧЫ

*Обону: С. Жумалиевдики*
*Сөзү И. Исаковдуку*






Көргөндө бөбөктөрдүн шат кабагын,
Көрөбүз мекенди бек сактаганың.
Сыймыктан, чек арачы сенин демиң
Таш, чөлдө гүл жайнатса бак-дарагың.

Асманда калкып ай барат,
Ак булут бетин саймалап.
Чекте бек жашыл шапкечен,
Тынчтыкка көөнү байланат.
Уйку жок, сергек, сак турат.
Учса да үкү, жарганат.

Чек ара... бейкут күтүп мемиреген,
Чеп бекем, чек арачы деми белем!
Уйкуда, түшкө арбалып жаткан сулуу,
Жаркылдап басат билсең сени менен

Асманда калкып ай барат,
Ак булут шилтеп жай канат.
Чепте бек жашыл шапкечен,
Тынчтыкка көөнү байланат.
Көз ирмем албай сак турат,
Учса да үкү, жарганат.

Асманда калкып ай барат,
Ак булут бетин саймалап.
Чекте бек жашыл шапкечен,
Тынчтыкка көөнү байланат.
Уйку жок, дайым сак турат,
Учса да үкү, жарганат.

# ШАЙЫР ШОФЕР

Обону: *С. Жумалиевдики*
Сөзү: *Т. Кожомбердиевдики*



Алыстыктар мени көздөй жакындайт,
Арттан шамал ышкырылып такымдайт.
Айдап барам безелентип тынымсыз,
Алга карай машинам, машинам, закымдайт.


Адал иштеп эл көңүлүн шат кылам,
Заманымда эркин жашап каткырам.
Ар убакта милдетимди аткарып,
Тез жүрүүнү ар качан, ар качан жактырам.

Аралыктар артка качат агылып,
Жүрөк ырдайт кубанычтуу жагылып.
Ал ансайын ыкчамдата айдаймын,
Алдыдагы мейкинди, мейкинди сагынып.

Көркко толгон туулган жерим сонун да,
Тер жыттанган элпек рулум колумда.
Зуулдатамын машинамды шаңшытып,
Келечектин бакыттын, жыргалдын жолунда,

# КУТТУУ БОЛСУН КЫРГЫСТАН ТОЮҢАР

Музыкасы: *С. Израиловдуку*
Сөзү: *Т. Кожомбердиевдики*






Жылдыздарга тике сунуп колуңду,
Келечекке багыттадың жолуңду.
Кандай сонун ийгиликтер жаралып,
Караңгылык түбөлүккө жоюлду.
Заводуңда эмгек кайнап тынымсыз,
Эритесиң темир, болот чоюнду.
Кубаттанып жылдан-жылга өөрчүдүң,
Куттуктаймын элүү жылдык тоюңду!

Эмгек тери алп чекеңен агылып,
Канча кендер тоолоруңан табылып.
Канат берип Компартия учканга,
Кайратыңа чөл-дайралар багынып.

Мелмилдеген уч-кыйрына көз салсам.
Мекенимде санат жеткис жаңылык,
Ар убакта жүзү жарык шаңданып.
Үч орденди көкүрөккө тагынып!

Жеңиштер көп ушул майрам жылында,
Албырасың коммунизм нурунда.
Шайкеш келип бардык жактан иштериң,
Шаңкылдадың акындардын ырында.
Жарым кылым арасында мекеним,
Жүз кылымдык жолду бастың чынында.
Албан-албан тоскоолдорду багынтып,
Алгалай бер кылымдардан-кылымга!

# МЕНИН ӨЛКӨМ

Обону: *С. Израиловдуку*
Сөзү: *А. Токтомушевдики*




Ук жер жүзү,
Акыйкаттын ырын ук.
Өлкөмдөгү,
Жеңиштердин сырын ук.
Эргип жүрөк,
Адам эркин жашаган,
Бул өлкөдө,
Аба таза туптунук.
Менин өлкөм, менин өлкөм } 2 жолу
Акыл, илим өлкөсү.

Менин өлкөм
Курулуштун өлкөсү,
Күндө сонун,
Зоот, фабрик салынган.
Кечээ гана,
Кан майданда бүлүнгөн,
Шаар,
Кыштак бүгүн кайра жаңырган.
Менин өлкөм, менин өлкөм,
Акыл илим өлкөсү,
Менин өлкөм, менин өлкөм
Маданият өлкөсү.

# КЫЗЫЛ ЖЕЛЕК

Обону: *С. Израиловдуку*
Сөзү: *З. Сооронбаеваныкы*




Мына бул желбиреген Кызыл желек,
Сыймыктуу көп жеңиштин көркүн берет.
Мен ушул желектерге милдеттүүдөй,
Баш ийип, ага таазим кылгым келет.

2 жолу

Мына бул желбиреген Кызыл желек,
Бакыттын бал татыган даамын берет.
Мен ошол зор бактыма жетине албай,
Желектин бир учунан өпкүм келет.

2 жолу

Өлкөмдүн куту болгон кызыл желек,
Турса дейм, ар убакта көктү тиреп.
Достукта ширелишкен өлкөлөргө,
Тынчтыктын ураандарын шаңга бөлөп.

2 жолу

# ЭСТЕЛИК

Обону: *Т. Казаковдуку*
Сөзү: *Т. Мамеевдики*






Биз турмушка аталардан кеч келип,
Тээ батышта адам канын кечпедик.
А аталар төрөлө элек биз үчүн,
Кала берди танк алдында тепселип. } 2 жолу

Биз турмушка агалардан кеч келип,
Тээ батыштан согуш отун кечпедик.
А агалар жаңы баскан биз үчүн,
Кала берди танк алдында тепселип. } 2 жолу

Өткөн согуш кан майдандан сес берип,
Турат бүгүн бардык жерде эстелик.
Гүл ордуна койдум ушул ырымды,
Атunion аларды, агаларды эскерип. } 2 жолу

# ПАРТИЯ

Обону: *А. Малдыбаевдики*
Сөзү: *М. Тойбаевдики*






Жер шарынын карапайым калкына,
Нур жиберген Коммунисттик партия.
Көздөгөнүң эркин жашоо, теңчилик,
Минут сайын Октябрдай жаркыра.
Сыймыгы чоң Коммунисттик партия,
Эл шаңданат сенин даңктуу салтыңа!

Чаалыкпайбыз, чагылгандай дем менен,
Биздин жүрөк бирге согот эл менен.
Авторусуң бейпил күндүн бир өзүң,
Кан көксөгөн жоого намыс бербеген,
Прожектордой дайым бирге жашайсың,
Сен партия, түбөлүккө эл менен.

Эмгекчи элге кубат берген партия;
Шаттанабыз сенин атак-даңкыңа.
Күчтүү, акылман сендей чынчыл көрбөдүк,
Башкаларды теңебейбиз баркыңа.
Суусуз чөлгө гүл өстүргөн партия,
Атак-даңкың, өсө берсин артыла!

# КОММУНИСТ

Обону: *А. Малдыбаевдики*
Сөзү: *А. Токомбаевдики*



Партбилеттин эң биринчи барагын,
Ача салгын, Ленинге карагын!
Доорубуздун, акыл, ары, намысы —
Партия! деп бийик койду талабын.

Теңдеши жок, улуу, ыйык, даанышман,
Ал партия.
А сен кимсиң, таанытсаң?
Партиянын катарында болууга,
Акың барбы? Угасыңбы, таанытсам.

Партбилеттин номер койгон барагын,
Ачар замат элесиңди карагын.
Чегинбеген солдат болсоң дооруңа,
Сен өзүңдү партияга санагын.

# ТЕЛЬМАН

Обону: *А. Малдыбаевдики*
Сөзү: *А. Токомбаевдики*






Жаралдым калың элдин тилегинен,
Үмүттүн күнү тийген илебинен.

Өзүмдү кырк бир жылы камап таштап,
Фашисттер каным сыкты жүрөгүмдөн,

2 жолу

Өмүрдү кызганбадым, бердим бүтүн,
Элдердин жыргалы үчүн, мекен үчүн.
Өлүмдөн жалтанбадым, жарчы болдум,
Элимдин тагдыры үчүн, эртеңи үчүн, 2 жолу

Мен-Тельман Ата-Журтка бергем баарын,
Мен-Тельман азаттыкка кыйган жанын.
Фашисттер тирүү бойдон өрттөгөндө,
Мен-Тельман өчпөй калдым-күйгөн жалын,
Мен-Тельман өчпөй калдым-күйгөн,
Күйгөн жалын!

# ЧАБЫКЧЫЛАР ЫРЫ

Обону: *А. Малдыбаевдики*
Сөзү: *Г. Момуновоныкы*



Э-э-эй!
Касиет күч го жер деген (оу),
Керемет күч го эл деген (оу),
Кагылам сенин деминден (о-ой).
Каруугa (да) чарчоо (о) бербеген (о).
Бербеген.

Э-э-эй!
Чөптөрүн чаап кырлардын (оу),
Байлыгын жыйнап жылганын (оу).
Камдаймын малга гүл азык (о-ой),
Көрсүн деп (а) элим (о) жыргалын (о),
Жыргалын.

Э-э-эй!
Бетеге жыты буркурап (оу),
Бөдөнө учат бырпырап (оу).
Жалп этип чөптөр куланып (о-ой),
Машинам (да) алга (о) умтулат (о),
Умтулат.

Э-э-эй!
Чалгыны артка таштагам (оу),
Чабытым арта баштаган (оу),
Чалыкпас тулпар мингизген (о-ой)
Чабыттуу (да) менин (о) заманам (о).
Заманам. (оп)!

# ЭМГЕК КЫЗЫНА

Обону, сөзү: *С. Мамбетбаевдики*



Иштөөнүн жолун билипсиң,
Нормадан ашык тилипсиң.
Үлгүсүн алсам экен деп,
Мен дагы кошо тилиштим.

Эмгекти элге арнайлык,
Тонналап белек камдайлык.
Кубанып элим күлүшсүн.

Сүйөмүн сени ар дайым,
Колуңду берчи кармайын.
Каршы алсаң ушул сөзүмдү,
Кара көз сага арнайын.

Көңүлгө түйүп сени эстеп,
Эмгектин баатыр кызы деп.
Обонго кошуп ырдайын.

# ПАХТАЧЫ КЫЗ

Обону, сөзү: *С. Мамбетбаевдики*




Ар жыл сайын ак алтын көп тересиң,
Өлкөмө арнап тонналап сен бересиң.
Тер чачканда карегиңден көрөмүн,
Жаркыраган коммунизм элесин.

Мен ырдайын сен иштегин талбагын,
Машыгалы ар бир ишке ар дайым.
Эл намысын эч бир колдон кетирбей,
Эмгек туусун дагы бийик кармагын.

Эске түшүп пахта берген андагың,
Ыр жазууга колго калем кармадым.
Тартуу кылып ушул ырды мен жазып,
Пахтачы кыз бир өзүңө арнадым.

# ОКТЯБРЬ МАЙРАМЫ

Обону: *С. Мамбетбаевдики*
Сөзү: *Тоголок Молдонуку*






Элге өрнөк салганы,
Эркиндик деп сайрады.
Өзгөрүшкө жол ачкан,
Октябрдын майрамы.

Обол мурун жол ачкан,
Жол ачканда мол ачкан.
Жер жүзүнө нур чачкан
Октябрдын майрамы.

Эркиндикти келтирген,
Эр душманын өлтүргөн.
Чоң максатка жеткирген,
Октябрдын майрамы

# ТЫНЧТЫҚ НУРУ

Обону: *С. Мамбетбаевдики*
Сөзү: *С. Өмүрбаевдики*



Биздин өлкө эмгек менен чыңалып,
Беш жылдыкты жеңиш менен аттады.
Өз ишине өрнөк болгон ар качан,
Жердин жүзүн тынчтык нуру каптады.

Жылкычы абам укуругун сүйрөтүп,
Буудандарын эл коргоого таптады.
Күмүш түстүү жаркыраган сүйкүмдүү,
Ак сакалын тынчтык нуру каптады.

Үйүп жыйып ак пахтадан тоо жасап,
Четке каккан бир эмгектен башканы.
Талыкпастан таалай тапкан ишинен,
Теримчини тынчтык нуру каптады.

Улуу элим эмгектенип ар дайым,
Эбегейсиз зор иштерди курууда.
Тынчтык эмгек достук ишин улантып,
Бара жатат коммунизм жолунда.

# ДАҢКТАЙБЫЗ СЕНИ КЕМЕНГЕР

Обону: *К. Молдобасановдуку*
Сөзү: *Т. Кожомбердиевдики*



Ленин ата сен турасың көңүлдө.
Бирге басып баратасың өмүрдө,
Орун алдың жүрөктөрдүн төрүндө,
Сен жашайсың түбөлүккө кылымга,
Жар саламын кеменгер
Улуулугуң жөнүндө.

Калкың үчүн аябадың жаныңды
Адамдарга төктүң аппак таңыңды.
Унутпайбыз эч убакта аныңды.
Өчүрбөйбүз, бийикке сунабыз
Ошол таңдан тутанган,
алоолонгон жалынды.

Санат жеткис кетсе дагы күн өтүп.
Океанды ким соолутмак түгөтүп?
Ленин бирге сезимдерди бүлөтүп.
Алга карай адымдайт азамат.
Элесиңди карекке,
жүрөктөргө түнөтүп.

# ЖЫРГАЛ ЗАМАН

Обону: *К. Молдобасановдуку*
Сөзү: *Т. Кожомбердиевдики*




таң-дан-ды -рат у - лам ку - бу-
луп, Шаң - дуу ы - ры
ай аа - лам-га а - зыр ту-рат у-гу-
луп. А - а - а - а
А- а - а - а А - а - а
А - а - а - а - а - а - а - а
А - а - а, Кыр-гыз же- ри
там-шан-ды-рат, Таң-дан - ды - рат




Ырдайт заман, жыргайт заман.
Канаттуу заман, миң түрлүү,
Булбулдай сайрап.
Гүлдөйт турмуш, бүрдөйт турмуш,
Ырыстуу заман береке,
Жемиштер жайнап А-а-а...
Кыргыз жери тамшандырат
Таңдандырат улам кубулуп,
Шаңдуу ыры ай-ааламда 2 жолу
Азыр турат угулуп.

Куттук айтып, алкыш айтып,
Жыргалдуу ушул заманга
Созомун үндү.
Каалайм элим дайым сага,
Бактылуу жыргал ушундай,
Жаркыраган күндү А-а-а...

Аймагыңдан учту далай,
Азаматтар, баатыр, кыраандар
Кайгысы жок окуйт, иштейт,
Канча кыздар, уландар.

Калкаладың камын көрдүң,
Кыздарга тактың чаалыкпас,
талыкпас канат.
Кандай чексиз жемиштериң,
Көргөндө көңүл толкундап,
Жүрөгүм жанат А-а-а...

Суктанамын тиктей берем,
Көз жиберип туш-туш тарапты,
Компартиям, кыргыз элим
Укмуштарды жаратты.

# КОММУНИСТТЕР

Обону: *С. Осмоновдуку*
Сөзү: *Б. Абакировдуку*






Эмгекте жаңылыкка болуп жарчы,
Жебеген мээнеттенбей нанды жарты.
Томкоруп тоскоолдорду тоодой болгон,
Максатка умтулушкан андан аркы,
Кимдейсиң? Коммунисттер, коммунисттер
Эмгектин алдыңкысы, авангарды

Тамшанткан көк мелжиген үйдү куруп,
Өстүрүп какыр чөлгө кызыл гүлдү.
Жоюга чакырышат бардык элди,
Дүйнөнүн бурчтарында көөдөй түндү.
Жалбырттап оттой жанган коммунисттер,
Жашоонун ар күнүнө болду үлгү.

Миллиондоп өсүп жаткан катарлары.
Муундан муундарга калып салты.
Жалындай туу көтөрүп ураалашып,
Күрөштө күнгө жеткен атак даңкы.
Коммунисттер — жумушчулар, дыйкандар,
Коммунисттер — курулуштун авангарды.

# БИЗ ИНТЕРНАЦИОНАЛИСТТЕР

*Обону: С. Осмоновдуку*
Сөзү: *Б. Абакировдуку*






Биз бир тууган көп улуттун өкүлү
Эчак калган үшкүрүнүп, өкүнүү.
Улуу достук ата Ленин мурасы
Максат кылдык алга карай өсүүнү.

Азаптарда биргелешип жеңгенбиз.
Тилеги бир ар улуттуу элденбиз.
Лениндик улуу жолдо бараткан
Биз интернационалисттербиз

Достук барат Ала-Тоодой бийиктеп,
Ак эмгектин ак олпогун кийип бек.
Душман бизге тоскоолдукту кыла албайт,
Канча жолу изденсе да иликтеп.

Ынтымактар тамыр чачты жайылып,
Ырыс ташып, жарат эчак айыгып.
Аалам жүзүн каптап барат эркиндик,
Алоолонгон оттой туулар сайылып.

Барсканды, бирге соккон дөшүнү,
Биз тилектеш сансыз улут өкүлү.
Кол кармашып милдет кылып койгонбуз,
Коммунизм төрүн карай өтүүнү.


Азаптарды биргелешип жеңгенбиз
Тилеги бир ар улуттуу элденбиз
Лениндик улуу жолдо бараткан,
Биз интернационалисттербиз.

# ТУУҢ ИЛИНСИН ЖЕЛБИРЕП

(Октябрга)

Обону: *С. Осмоновдуку*
Сөзү: *И. Исаковдуку*






Күндөн сулуу басып өткөн өмүрүң
Зор бакытка бөлөй элдин көңүлүн.
Шыктандырып алгаалап баратат
Жыргалына коммунизм төрүнүн.

Улуу Октябрь жаркыра,
Урматтана даңкыңа,
Уккан сайын кубаттанам
Кубаттанам даңкыңа!

Артык тийип сен тараткан нурларың,
Алып келди адамзаттын жыргалын.
Сансыз алкыш жүрөгүмдүн сүйүүсү
Сайран күндө сага арналган ырларым.

Бардык кенчин ченебей,
Бакыт нурун себелей,
Эркелеттиң эмгекчини,
Эмгекчини энедей.

Даңкың ээлеп асман-жердин арасын,
Дагы алга жеңиш менен барасың.
Жарык күндөй сен көрсөткөн жол менен,
Лениндик салтанатың тарасын

Коммунизм жеңди деп,
Жылдыз куруп белгилеп.
Бүт дүйнөгө тууң илинсин
Илинсин желбиреп!

# ЭСТЕЛИК СЫРЫ

Обону: *К. Осмоновдуку*
Сөзү: *И. Исаковдуку*




От - ту ке-чип, Ок-ту то - суп
ал-дым - да,
Мен ө -зүм-дү өл- бөс кы-лып жа-рат-тым.
Мен ө-зүм- дү өл-бөс кы-лып
жа - рат- тым. Ө - мүр та-ңым
бол-бой а-зел ар-ман-да, Күл-күм ме-нин
ой-ноп жат-кан бал-дар-да.
Ап -пак сүй-үүм миң жа -ша-рып,Та-за-рып.
Эм - гек жо -лум
эр -дик туу-сун ал - ган - да.




Җаттар өткүс бекем чептүү таш болуп,
Қерек десе өлбөс өмүр жаш болуп.
Мен силерге металл болуп эридим,
Мээрим десең жашыл дүйнө жаз болуп,

Жылдар өтсүн, эчен кылым таң атсын,
Сен унутпа сырын тарых-барактын.
Отту кечип, окту тосуп алдым да,
Мен өзүмдү өлбөс кылып жараттым.

Өмүр таңым болбой азел арманда,
Қүлкүм менин ойноп жаткан балдарда.

Аппак сүйүүм миң жашарып, тазарып,
Эмгек жолум эрдик туусун алганда.

Обон ырым тоо дайранын шарында,
Сулуулугум жайдын өчпөс таңында,
Шаттык жылым кайталанып элестүү,
Кыз жигиттин намысында, арында.

# ЖАШТАР МАРШЫ

Музыкасы: *С. Турдубаевдики*
Сөзү: *А. Кылычевдики*



Октябрдын таңы аралаш төрөлгөн,
Биздин өмүр өчпөс нурга бөлөнгөн.
Ленин түзгөн партиясы туу болуп,
Биздин таалай чындык менен көгөргөн!

Хор

Лениндик нуска менен,
Уул, кызга жол кенен,
Эски тарых алга бас,
Алга басат биз менен!

Биле жүрсүн кандуу план түзгөндөр,
Биле жүрсүн тарыхтан кол үзгөндөр.
Өлүм эмес, өмүр үчүн турабыз,
Бүт турабыз, келечеги кең биздер.


Хор.

Жер шарында көп улуттуу жаштардын,
Биз колдойбуз эң алгачкы катарын.
Аалам уксун, алдыга бас ыр менен,
Уул-кызы улуу Ленин атанын.

Хор.

# ЧОЛПОНБАЙ

Обону: *С. Турдубаевдики*
Сөзү: *Т. Молдобаевдики*



Кайраты кармаштарда майтарылбас,
Эрдигин мезгил сүрүп өчүрө албас,
Кыргыздын жүрөгүндө ырга айланган,
Чолпонбай, Чолпонбай бир жарк эткен жалын,
албарс.

Эрдигин улап кетти азаматтар,
Эскирбейт эстен кеткис оттуу чактар.
Баатырдын ок өтпөгөн жүрөгүнөн,
Бүчүрлөп, бүчүрлөп атып чыкты зор
бакыттар.

Ырдалып Ала-Тоонун аскарында,
Жалындап акындардын дастанында.
Чолпонбай чолпон өңдүү жарык жылдыз,
Кол жеткис, кол жеткис эрдиктердин
асманында.

# МЕНИН ЖЕРИМ

Обону: *С. Турдубаевдики*
Сөзү: *М. Тойбаевдики*







Көрчү курбум, алтын дандар ыргалат,
Укчу курбум, шаңдуу ырлар ырдалат.
Шаттанышып, кыз-жигиттер баратат,
Катарына чакыргансып булгалап.
Ушул күүдөн, ушул шаңдуу обондон,
Көңүлүңдө көпкө кетпес сыр калат.

Менин жерим бак-таалайдын мекени,
Мекениме сүйүүмдүн жок эсеби.
Бүгүнкүдөн эртең кызык көрүнүп,
Мүнөт санап жаңыланат кечээги.
Кел курбулар, жүр курбулар, жүргүлө,
Коммунизм дайрасынан кечели.

Ушул жердин ташын дагы бастырбай,
Жат душманга чаңын дагы чачтырбай.
Жерим ыйык энекемдин сүтүндөй,
Суук көздү белес басып аштырбай.
Достук менен, эмгек менен даңктанып,
Көтөрөлү кызыл тууну көккө ыргай!

# ЭМГЕК ШАҢЫ

Обону: *К. Тагаевдики*
Сөзү: *Э. Токтогуловдуку*






Безеленип акын торгой сайрады,
Басылганда жайкы түндүн сайраны.
Адамдарды алп уйкудан ойготуп,
Ачты жүзүн асыл эмгек майданы.

Жаштык жалын көздөрүнөн төгүлүп,
Жарашыктуу улан, кыздар көрүнүп.
Татынакай таң чолпонун узатты,
Штурвалда билектерин түрүнүп.

Бака-шака эмгек шаңы күчөдү,
Барган кезде баатырларга биз эми.
Ажарланып музыкага бөлөндү,
Ала-Тоонун адыр, ою, түзөңү.

Чамдагыла, бакыт тери агылсын,
Коммунизм добулбасы кагылсын.
Өмүрүндүн күнү, түнү жаз болуп,
Өзүң менен өчпөс нурга малынсын.

# АТА ЖУРТ

Обону: *К. Тагаевдики*
Сөзү: *Б. Ибраимовдуку*







Энчилеп бүт элиме тапканыңды,
Тартуулап кылымдарга катканыңды.
Сезерсиң сен сергек жандуу Ата Журтум,
Сен үчүн мен обон созуп жатканымды.

Ардагым сенсиң менин Ата-Журтум,
Жердеген кыргыз элим нечен кылым.
Канчалык сен берекенди төксөң дагы,
Катылуудай жашыруун толгон сырың.

Ар дайым кеңешемин акылдашып,
Көркүңө көзүм түшүп болдум ашык.
Тынчтык болсун бүт ааламда түбөлүккө,
Жүрсүн дайым бакыт таалай ашып-
ташып.

# ҚЫЗЫЛЧАЧЫЛАР ЫРЫ


Обону: *К. Тагаевдики*
Сөзү: *Э. Токтогуловдуку*



К ы з д а р: — Жыты жыпар кызылча,
Жылда эрте казылса.
Өмүр балы кант шекер,
Өлкөбүзгө сатылса.
Ж и г и т т е р: — Бизге керек кызылча,
К ы з д а р: — Кызылча,
Ж и г и т т е р: — Бийик тоодой казылса,
К ы з д а р: — Бака-шака иш менен,
Бункерлерге ташылса.
Талаа көркү кызылча,
Тартип менен казылса.
Сарамжалдуу кол менен,
Заводдорго ташылса.
Ж и г и т т е р: — Кандай сонун кызылча,
Катар-катар казылса.
Эки эселеп түшүмү,
Эл таалайы ачылса.

# ЭЛ УНУТПАЙТ

Обону: *А. Тыналиевдики*
Сөзү: *А. Өмүркановдуку*




Табийгат, жаратылыш жолу барда,
Адамзат, жашоо турмуш алга жылат.
Бирок Мекен, миң жылда да {Ай, кандуу согуш / Ай-жылдарды,
Эч нерсени, эч ким да эстен чыгарбайт!

Мекенге кыйын мезгил келген кезде,
Эр жигит — эл четинде, жоо бетинде.
Жеңиш үчүн өмүр кечип {Ай, шумкарлар ай, / Ай, туйгундар ай,
Аты турат тунжураган эстеликте...

Уул-кызын Мекен-Эне дайыма эстейт,
Күн өтөт... күлүмсүрөп дарак көктөйт...
Кан майдандан кайтпагандар {Ай, ай-жыл өтсүн, / Ай, кылым өтсүн,
Эч убакта, эч качан да эстен кетпейт!

# УК ЖЕР ЖҮЗҮ

Обону: *Т. Тургуналиевдики*
Сөзү: *Ж. Турусбековдуку*







Дагы өлгөн, далай жандар мүргүгөн,
Сөөктөрүн карга-кузгун мүлжүгөн.
Ойлоп көрсөм азыр болуп жаткандай,
Кан бузулуп, тайгаланып сүрдүгөм.

Ук жер жүзү, ук жер жүзү, ук жер жүзү!
Ук жер жүзү бүгүн турмуш жаңырган.
Азыр бүттү анда сынган кабыргам,
Мына бүгүн, бүт жер жүзү өзгөрдү,
Ук, Европа! Ук, Азия таңыркан.

Ук жер жүзү, ук жер жүзү, ук жер жүзү!
Мына бул жер муңдуулардын энеси,
Мына бул жер өткөндөрдүн элеси.
Ачкалыктан курбум өлүп бул жерде,
Калган эле көмүлбөстөн денеси.

# АТА ЛЕНИН

Обону: *Ж. Шералиевдики*
Сөзү: *М. Борбугуловдуку*



Ата Ленин атың сенин,
Туу үндөгөн алдыга,
Бул ат менен бирге келген, } 2 жолу
Бакыт заман калкыма.

Ата Ленин атың сенин,
Асман жердин жарыгы.
Калкка кайрат шаңдуу айбат, } 2 жолу
Жүрөгүнүн жалыны.

Ата Ленин атың сенин,
Сүйгөнчүктүү нур элес,
Салмагына жер шарында, } 2 жолу
Салыштырсам тең эмес.

# КОМПАРТИЯ

Обону: *Ж. Шералиевдики*
Сөзү: *Ж. Садыковдуку*






Кабары жок теңдик үчүн күрөштөн,
Кыргыз эли кайгы менен күн өткөн.
Азаттык деп акыйкатты тааныткан,
Алкыш сага Компартия жүрөктөн.

Кайырма:

Сен болбосоң келбес эле бул жеңиш,
Анда алкышты айтмак элек кимге биз.
Түз жолуңда коммунизм иши үчүн,
Түбөлүккө өзүң менен биргебиз.

Жетегинен Октябрдын таңы атты,
Биз ал кезде билбегенбиз сабатты.
Кат таанытып караңгы элге кам көрүп,
Канат тактың жылдыздарга жанашчу.

Кайырма:

Улут бөлгөн эскиликти унутуп,
Биздин жерде өкүм сүргөн тең укук.
Баарыбыздын бешэнебиз сүйкүмдүү
Бакыт үйүн өзүң менен курушуп.

# КОМСОМОЛДОР

Обону: *Ж. Шералиевдики*
Сөзү: *И. Исаковдуку*






Алгала деп эмгектерден майданда,
Алтын мекен зор чакырык салганда.
Күрөш өрчүү жанганда,
Кыйын жылдар, айларда,
Комсомолдор жеңип чыктың андан да.

Жоого сүрдүү эрдик элес айбатың,
Болоттой курч жалындаган кайратың.
Эрдик салты адатың,
Эч талыкпас канатың.
Эсептесек өмүрүңдүн санатын.

Бириң малчы, бириң врач, мугалим,
Бириң учкуч, билимге деп урааның.
Алтын эмгек ынагың,
Ачып жеңиш булагын.
Техниканын миң тетигин бурадың.

Эмгек иште эргип күчүң ташыган,
Эң көрөгөч кыраакы өсүп жашыңан.
Максатты ишке ашырган,
Алга карай шашылган,
Жолуң таалай бакыт нуру чачылган.

# ЖУМУШЧУ ЖИГИТКЕ

Обону: *Ж. Шералиевдики*
Сөзү: *Н. Жүндүбаеваныкы*




Камырдай ийлеп чоюнду,
Кармасаң көктөй чоюлду.
Билбедим сырын билбедим,
Бийледи бирок оюмду.
Жылдыздай жанган ирениң,
Жылытты мени илебиң.

Темирди суудай сапырып,
Чайкадың буусун жапырып.
Жакындап көрчү кызык деп,
Жаныңа алдың чакырып.
Карасам кирпик ирмедиң,
Капырай катуу сүрдөдүм.

Каткыра күлдүң күлбөдүм,
Кайтам деп араң үндөдүм.
Кесибиңби, өзүңбү,
Киминди сүйдүм билбедим.
Жумушчу кайдан кезиктим,
Кош болгун иштен кечиктим.

# ГЕОЛОГДУН ЫРЫ

Обону: *Ж. Шералиевдики*
Сөзү: *К. Алмазбековдуку*



Тоодой жүк, милдет мойнумда,
Толкундайм тоонун койнунда.
А бирок эркем өзүң жок,
А дагы түшүп оюма.
Деги эми эмне кылам капырай,
Эсимден кетпей койдуң да.

Аңтарып тоодон кен издейм,
Ардагым менин деп издейм.
Аралап кайда жүрсөм да,
Алыста жүргөн сени издейм.
Деги ак ниет менен күт жаным,
Ашыгым жалкоо дегизбейм.

Бүгүн бул бийик асканын,
Бүдөмүк сырын ачкамын.
А жаным эртең элдики,
Ошол күн менин шашканым.
Деги эмгекке ыктайт заманым,
Элимдин сендей жаштарын.

Алалбай бир иш жартылуу,
Кыйын иш мага тартылуу.
Кыдырып кайда жүрсөм да,
Кылыгың көзгө тартылуу.
Деги күтүп ал эркем ыр сунам,
Тоодогу толкун аркылуу.

## ШАХТЕР СӨЗҮ

Обону: *Ж. Шералиевдики*
Сөзү: *Т. Элемановдуку*



Омкорулган дөбө-дөбө кара алтын,
Дүңгүрөтөт душмандардын кулагын.
Кансоргучтун беттерине көө сүйкөйм,
Бетин ачып согуш деген планын.

Бургу менен бузам душман турагын,
Көмүр менен жолун бууп турамын.
Кара алтыным душмандарга кара зоо,
Сук фашисттер уксун сенин кулагың.

Тынчтык күнүм күч кубатым өмүрүм,
Согуш десе өзгөрүлөт көңүлүм.
Калк сүйбөгөн каргашалуу бомбага,
Татыйт, жеңет казып жаткан өмүрүм.

# ПАХТАЧЫ КЫЗ

Обону: *Ж. Шералиевдики*
Сөзү: *Б. Сарногоевдики*



Гүлдөй жайнап жаздагы,
Күлүндөйсүң Акбаары.
Өзүң менен бир жүрүп,
Теришейин пахтаңы.

Самап дайым көрсөм деп,
Сага бөлдүм оюмду.
Машина деп ойлоймун,
Пахта терген колуңду.

Аккуу көзгө элестейт,
Араласаң пахтаны,
Сен экенсиң эмгектин,
Чаң жукпаган аппагы.

Күндөн-күнгө даңкыңы,
Күчөтө бер Акбаары.
Баары сендей күжүрмөн,
Гүл өлкөнүн жаштары.

# ЛЕНИН КЫРГЫЗ ЖЕРИНДЕ

Обону: *Ү. Сыдыковдуку*
Сөзү: *И. Исаковдуку*






Алгалап биз азат теңдик деп,
Ала-Тоонун көркүн бердик деп,
Бүтпөс ырлар, күүлөр тартылып,
Бүгүнкүдөн эртең эрдик көп.

Кайырма:

Дайыма болуп жеңиш чегинде,
Ленин мына кыргыз жеринде,
Сезимдерге жалын жаратып,
Ленин мына эмгек деминде.

Залкар турмуш заман жашатып,
Өмүр өстү, өмүр жасанып,
Кылымдарга кетип даңкыбыз,
Кыргыз бүгүн баатыр аталып.

Кайырма:

Эмне болсо тилек оюнда,
Аткарылып өмүр жолунда,
Бакыт туусун кармап атанын,
Баратабыз улам соңунда.

Кайырма:

# КОММУНИСТТИН ЖҮРӨГҮ

Обону: *Ү. Сыдыковдуку*
Сөзү: *М. Алиевдики*






Адамзатка күндөй тийген илеби,
Ай, ааламдын акыйкатчыл тиреги.
Жалтанбастан жат душманды сүрдөткөн,
Жанган жалын коммунисттин жүрөгү.


Ар убакта акыйкатчыл тилеги,
Ак эмгекке арноо болгон билеги.
Аалам үчүн адилеттик деп соккон,
Айланайын коммунисттин жүрөгү.

Эмгек өтпей элим эркин күлөбү,
Элге жакпай эр азамат жүрөбү.
Эли үчүн, жери үчүн зарп болгон,
Эрки күчтүү коммунисттин жүрөгү.

# ЛЕНИНИЗМ ЖАШАЙ БЕРЕТ

Обону: *Ү. Сыдыковдуку*
Сөзү: *Ж. Садыковдуку*






Мейли секунд, мейли минут агылып,
Мезгил тынбай өтө берсин агылып.
Адам барда, адамдардын деминде, } 2 жолу
Ленинизм жашай берет жаңырып. }

Мейли күндөр, мейли жылдар чубасын,
Мейли кылым кылымдарды курасын.
Ленинизм качан болсо күч алып, } 2 жолу
Жер шарына жая берет кулачын. }

Күндүн нуру, жамгыр болуп себепчи,
Өсүмдүктөр жайнап чыгат эмеспи.
Ал сыңары өсүш үчүн акыл-ой,
Адамзатка Ленинизм керектүү.
Аалам эли алып барат көтөрүп,
Ленинизм деген ыйык желекти.

# ДАҢКТАН, ГҮЛДӨ КЫРГЫЗСТАН!

Обону: *Ү. Сыдыковдуку*
Сөзү: *К. Акаевдики*






Бир туугандай бириктирип элдерди,
Түзүп берген түбөлүккө бек союз.
Таянчыбыз, кубатыбыз, досубуз,
Жаша, шандан эл бактына, улуу орус!

Кайырма:

Бардык совет эли менен,
Бара жаткан улуу жолдо.
Даңктан, гүлдө Кыргызстан!
Чын достуктун туусу колдо.

Октябрдын оту менен ойгонуп,
Ойго жеттик Лениндин таңында.
Гигант куруп, өнөрлөрдү үйрөнүп,
Тең келебиз жеңгендердин сабында.

К а й ы р м а:

Тынчтык күнүн күзөтүшүп каректей,
Коммунизм сапарында келебиз.
Көздөгөнгө таамай баштап жеткирет,
Жол башчыбыз Компартия демибиз.

К а й ы р м а:

# МЕКЕНИМ

Сөзү: *С. Шимеевдики*
Обону: *С. Юсуповдуку*






Талаасы кенен суусу мол жерим,
Эмгеги менен Советтик элим.
Саймалап бетин дыңдардын жатат,
Келечеги жалаң какшыган чөлүм.
Партия барда кулпунуп дагы (да)
гүлдөйт,

Кайырма:

Таалай күндө мекеним.
Партия элди жеңишке дайыма үндөйт,
Жаша дагы гүлдө мекеним.

Жаркырап үйдө Ильичтин шамы,
Өзгөрүп турмуш түбүнөн жаңы.
Ачылып бүгүн калкымдын багы,
Түбөлүк аткан таалайдын таңы,


Кайырма:

Ал Ленин курган мекеним сени,
Гүлдөткөн чыңап партия деми,
Жеңишин көрүп жетине албай,
Кубанат сага дүйнөнүн эли.

Кайырма:

# АЛА-ТОО

Сөзү: *Б. Сарногоевдики*
Обону: *С. Юсуповдуку*




Алп чокусу айга күнгө сунулган,
Сен Ала-Тоо кыргыз тоосу кылымдан.
Артка таштап азап тарткан өмүрүн,
Октябрдын нуру менен жылынган.

Сен Ала-Тоо достук тоосу бул кезде,
Сенин даңкың бүт дүйнөгө угулган.

Атак даңкы аалам кезген чарк ура,
Ата болгон, акыл болгон жалпыга.
Жердин ээси, элдин ээси көсөмү,
Улуу Ленин мурастарын жаратып,
Бүт дүйнөгө чолпон болуп жаркыра.

## МАЗМУНУ


М. АБДРАЕВ — «Шандан Ала-Тоолук Гүлстан», «Достук мекени», «Биздин баатыр комсомол», «Чабан жигитке», «Согушка наалат» . . . . . . . . . . . 3
Н. АБДРАХМАНОВ — «Жеңген эл» . . 16
Н. ДАВЛЕСОВ — «Ленин ким», «Мекеним Кыргызстан», «Кыргыз жери» . . . 18
А. ЖАНЫБЕКОВ — «Токтогул ГЭСи» . 25
С. ЖУМАЛИЕВ — «Кыргыз жери кымбатым», «Гүлдөй бер», «Кыргызстан», «Тынчтык», «Комсомол жалын жүрөк», «Аталардын постундабыз», «Эмгек ыры», «Тууган жер», «Чек арачы», «Шайыр шофёр» 28
С. ИЗРАИЛОВ — «Куттуу болсун Кыргызстан тоюнар», «Менин өлкөм», «Кызыл желек» . . . . . . . . . . . 50
Т. КАЗАКОВ — «Эстелик» . . . . . . 57
А. МАЛДЫБАЕВ — «Партия», «Коммунист», «Тельман», «Чабыкчылар ыры» . 59
С. МАМБЕТБАЕВ — «Эмгек кызына», «Пахтачы кыз», «Октябрь майрамы», «Тынчтык нуру» . . . . . . . . 68
К. МОЛДОБАСАНОВ — «Даңктайбыз сени кеменгер», «Жыргал заман» . . 76
С. ОСМОНОВ — «Коммунисттер», «Биз интернационалисттер», «Туун илишин желбиреп», «Эстелик сыры» . . . . . 82

С. ТУРДУБАЕВ — «Жаштар маршы», «Чолпонбай», «Менин жерим» . . . . . . 93
К. ТАГАЕВ — «Эмгек шаңы», Ата журт», «Кызылчалар ыры» . . . . . . . 99
А. ТЫНАЛИЕВ — «Эл унутпайт» . . 106
Т. ТУРГУНАЛИЕВ — «Ук жер жүзү» . 108
Ж. ШЕРАЛИЕВ — «Ата Ленин», «Компартия», «Комсомолдор», «Жумушчу жигитке», «Геологдун ыры», «Шахтер сөзү», «Пахтачы кыз» . . . . . . . . 110
Ү. СЫДЫКОВ — «Ленин кыргыз жеринде», «Коммунистин жүрөгү», «Ленинизм жашай берет түбөлүк», «Гүлдө Кыргызстан» 124
С. ЮСУПОВ — «Мекеним», «Ала-Тоо» . . 134

# СПОЕМТЕ ДРУЗЬЯ

(на киргизском языке)

Түзүүчү: К. Мадваров
Музыкалык редактору Б. Абдылдаев
Редактору Ж. Суранов
Басманын редактору А. Өмүрканов
Тех. редактор А. Бейшенов
Корректор *Э. Маматкожоева.*

г. Фрунзе, ул. Советская 170,
издательство «Кыргызстан».
Терүүгө 12/XII 1975-ж. берилди. Басууга 6/IV 1976-ж. кол коюлду. Д-02652. Кагазы офсетная № 1, форматы 70×90 1/32, 4,62 физ. басма табак, 5,37 шарттуу басма табак, 4, 56 учеттук табак. Тиражы 10 000. Заказ № 24. Баасы 33 т.

Адрес: 720021 г. Фрунзе ул. Бөкөнбаева, 99, Республиканский Дом народного творчества.
72, ГСП, Фрунзе, 5, ул. Жигулёвская, 102, Киргизполиграфкомбинат им. 50-летия Киргизской ССР Госкомиздата Киргизской ССР.